1-Май айылындагы Карабеков Сатынбай атындагы орто мектебинин
2022-жылдын 1-сентябрында чыккан № 13- буйругунун көчүрмөсү.

«2022-2023-окуу жылынын башталышы жөнүндө»

Жайыл райондук билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 29-августунда чыккан № 151-0 буйругун ишке ашыруу жана 2022-2023-окуу жылында окуутууну Базистик пландын негизинде жүргүзүү максатында

буйрук кыламын:

1. Окуу жылы 2022-жылдын 1-сентябрынан 2023-жылдын 25-майына чейин деп бекитилсин
2. 2022-жылдын 1-сентябрында «Кыргыз жараны- жарандардын биримдигинин негизи» темасындагы салтанаттуу иш чара өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнин аткаруу киргизилсин
3. Мектепте 2022-жылдын 1-сентябрынан баштап окуу жумасынын башында жана аягында, салтанаттуу, тарбиялык, конкурстук иш чараларды өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнин аткаруу киргизилсин
4. Мектепте окуу тарбия процессин ишке ашырууда КРнын МКнин 2022-жылдын 22-июлундагы №393-токтому менен бекитилген компетенттүүлүккө негизделген окутуу моделинин негизинде КРнын мамлекеттик стандартын этап-этабы менен ишке киргизүү эске алынсын ошондой эле 2025-жылы PISA мектеп окуучуларынын билим берүү жетишкендиктерин Эл аралык изилдөөгө катышуусуна даярдоо боюнча министрликтин иш-аракеттеринин планы жетекчиликке алынсын
5. Мектепте КРнын президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39-жарлыгы менен бекитилген 2021-2026-жылдарга карата КРдагы Кыргыз жараны-жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн Концепциясынын принциптеринин негизинде өнүктүрүүчү жана толеранттуу чөйрөсү камсыз кылынсын
6. Мектепте жугуштуу оорулардын анын ичинен COVID-19 инфекциясынын жайылышын болтурбоо үчүн тиешелүү иштер жүргүзүлсүн
7. Мектепте окуу жүктөмү 1-11-класстарда 5 күндүк деп бекитилсин
8. Окуу сааттарынын узактыгы төмөнкүдөй бекитилсин
   1-класс 40 минут, 2-11-класстар 45 минут
9. Каникулдар төмөнкүдөй бекитилсин
   Күзгү каникул 7 календардык күн 2022-жылдын 31-октябрынан 6-ноябрына чейин окуу 2022-жылдын 9-ноябры башталсын
   Кышкы каникул 12 календардык күн 2022-жылдын 30-декабрынан 2023-жылдын 10-январына чейин окуу 2023-жылдын 11-январында башталсын
   Жазгы каникул 10 календардык күн 2023-жылдын 20-мартынан 29-мартына чейин окуу 2023-жылдын 30-мартында башталсын
10. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Адылбек кызы Элнурага жана уюштуруучу Мырзабек кызы Айзада милдеттендирилсин

Директордун милдетин аткаруучу К. Белеков